**ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ**

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

**e-ISSN: 1694-8653**
№1/2026, 84-89

**УДК: 93(07)**
**DOI:** 10.52754/16948653_2026_1_8

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ РЕПРЕССИЯЛАР-МААНИСИ ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

## РЕПРЕССИИ В КЫРГЫЗСТАНЕ-ЗНАЧЕНИЕ И ПОСЛЕДСТВИЯ

## REPRESSION IN KYRGYZSTAN - MEANING AND CONSEQUENCES

**Дуйшонбаева А.Б**
*Дуйшонбаева А.Б*
*Duishonbaeva A.B*

**т.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.и.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate Of Historical Sciences, Associate Professor, Osh State University*

---

**Абдыкайым кызы Ф.**
*Абдыкайым кызы Ф.*
*Abdykayim kyzy F.*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Masters Student, Osh State University*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ РЕПРЕССИЯЛАР-МААНИСИ ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

**Аннотация**

Макалада Кыргызстандагы XX кылымдын башындагы жүргүзүлгөн массалык жазалоолордун тарыхы, себептери, жыйынтыктары каралды. Ошондой эле, 1937-38-жж. НКВДнын “Чоң террор” саясий идеологиясынын чечимдеринин ички жана сырткы системасындагы саясаттар камтылды.

***Ачкыч сөздөр:*** НКВД, “Чоң террор”, репрессия, И.В. Сталин, соттук үчтүктөр, идеология

## *РЕПРЕССИИ В КЫРГЫЗСТАНЕ-ЗНАЧЕНИЕ И ПОСЛЕДСТВИЯ*

**Аннотация**

В статье рассмотрены история, причины, итоги массовых казней в Кыргызстане в начале XX века. Также в 1937-38 гг. Н. Политика НКВД во внутренней и внешней системе решений политической идеологии” Большого террора".

***Ключевые слова:*** НКВД,” Большой террор", репрессии, И.В. Сталин, судебные тройки, идеология.

## *REPRESSION IN KYRGYZSTAN - MEANING AND CONSEQUENCES*

**Abstract**

The article examines the history, causes, and results of mass executions in Kyrgyzstan in the early twentieth century. Also in 1937-38, the policy of the NKVD in the internal and external decision-making system of the political ideology of the”Great Terror".

***Keywords:*** NKVD, the ”Great Terror", repression, I.V. Stalin, judicial troika, ideology

**Киришүү**

Репрессия сөзүн латын тилинен которгондо басуу, эзүү дегенди туюнтуп, жөнөкөйлөштүрүп айтканда, мамлекет тарабынан саясий мотив менен жүргүзүлгөн, саясий оппоненттерди өмүрүнөн, эркинен ажыратуу сүргүнгө айдоо, психиатрдык дарылоо мекемелеринде мажбурлап дарылоо, өлкө чегинен айдап жиберүү сыяктуу чараларды өзүнө камтыган зордук-зомбулук саясатын түшүнүүгө болот. Мындай саясатты жүргүзүүгө коомдогу таптык, идеологиялык, диний, расалык карма-каршылыктар шыкак жана түрткү катары кызмат кылып берээри маалым.

СССРде 1920-жылдын аягынан 1950-жылдын баш чендерине чейин (Сталинизм доору) жүргөн репрессиялык саясат жалпы жонунан Сталиндик репрессиянын мезгили деп айтылат. Анын массалык репрессия менен коштолуп, “чоң террор” деп аталган доору 1937-жылы, НКВД башчылыгына Н.И.Ежовдун дайындалуусу менен башталган (Абдрахманов, 2020).

«Чоң террор» деп аталып, 1937-38-жылдарды камтыган масалык репрессия 1938-жылдын сентябрь-ноябрь айларында Ежовдун өзү менен кошо НКВД, милиция жана башка тиешелүү мекемелердеги ал дайындаган кызматкерлерди кеңири масштабдуу камакка алуулар менен аяктаган. СССР Эл Комиссарлар Советинин 1938-жылдын 17-ноябрындагы токтому менен НКВД жана прокуратура органдарына кандайдыр бир камакка алуу жана сүргүндөө боюнча массалык операциялардын жүргүзүүгө тыюу салынган. “Соттук үчтүктөр” жок кылынган. Ежовдун ордуна дайындалган Бериянын алгачкы реабилитациялык чаралары ишке ашырылган. Документалдык түрдө аныкталган маалымат боюнча, 1937-38-жылдарда саясий мотив менен 1 344 923 адам кармалып, анын 681 692си атууга өкүм болгон (Абытов, 2004, Б.182). Жалпы алганда жеке Сталин жана ВКП(б) БК тарабынан “Атуунун Сталиндик тизмеси” боюнча 44893 адамдын соттолгону дайын болгон. Алардын басымдуу көпчүлүгү башкаруу структураларынын, анын ичинде НКВД жана РККА мүчөрү болушкан жана баары атылган. Аталган жылдарда ВКП(б) БКнын 78 пайыз мүчөсү атууга өкүм болгон. Тазалоонун катаал тагдырына НКВД органдары туш болгону да кызыгуу жаратат.

Сталиндик репрессиянын расмий идеологиялык негизи катары Сталин тарабынан 1928-жылдын июлундагы ВКП(б) нын Пленумунда баяндалган “Социализмди куруу аяктаар алдында таптык күрөштүн курчушу” деген концепция кабыл алынып жүргөнү белгилүү (Байдилдеев 2014.). 1938-жылдан тартып 1956-жылга дейре кайра-кайра миллиондогон нускалар менен басылган, таптык күрөш жана кулатылган таптын сөзсүз түрдө аеосуз каршылык көрсөтүүсү жана аны басуу жөнүндөгү идеологиялык постулаттарга негизделген “ВКП(б) тарыхынын кыскача курсунда” Сталиндик режимдин ар түрдүү социалдык элементтерге карата жасаган репрессиялык чаралары жалпысынан акталгандыгы маалым. Ар кандай социалдык элементтерге каршы Сталиндик саясий репрессия элдин жана социализмдин пайдасы үчүн аргасыздан ишке ашырылган мыйзам ченемдүү чара катары каралып калганын өкүнүү менен белгилебей койгонго арга жок. 1930-жылдын аягынан баштап Сталин тарабынан түп-тамырынан тарта партиянын кызматын кылууга койдурулган советтик тарых илими, россиялык изилдөөчү М.Г.Степановдун сөзү менен айтканда, “буржуазиялык тапты жок кылуу зарылдыгын далилдөөнүн жетиштүү логикалык чынжырын түзгөн”. Ал логикага ылайык, СССР өзүн курчап турган жана өнүккөн капиталисттик өлкөргө салыштырганда экономикалык жана маданий жактан артта калган. Мындай шартта СССРди

сактап-өнүктүрүү үчүн “буржуазиялык элементтердин” калдыктарына алдын ала сокку уруп туруу зарылчылыгы талап кылынгандыгы белгиленген.

Айрым тарыхчылардын пикири боюнча, сталиндик репрессия Октябрь революциясынан кийин эле айрым көрүнүштөрү байкала баштаган жана 1918-жылдын сентябрындагы Совнаркомдун “Кызыл террор” жөнүндөгү токтомунан кийин мамлекеттик саясатка айланган большевиктик репрессиянын уландысы катары каралууга тийиш. Бул албетте, белгилүү бир мааниде репрессиянын бүтүндөй күнөөсү менен убалын биртке болсо да Сталинден алып салуу аракетиндей туюлганы менен иш жүзүндө дал ошондой эле болгонуна тарых өзү күбө өтөт.

Совнаркомдун “Кызыл террор” жөнүндөгү токтому менен мыйзамдаштырылган репрессиялык чаралар да албетте, катуу болгону талашсыз. Мында жалаң гана большевиктердин активдүү саясий каршылаштары эле эмес, алардын саясаты менен келише албаган катардагы эле адамдар да репрессиянын курмандыгына айланган. «Кызыл террор» тарыхчы Сергей Волков жазгандай “большевиктердин максаттарына каршы турган социалдык катмарлардын жана топтордун өкүлдөрүнө карата жасалган кеңири маштадагы репрессияга айланган”. Репрессияга мурдагы полициячылар, жандармдар, падыша өкмөтүнүн чиновниктери, дин кызматкерлери жана мурдагы помещиктер менен ишкерлер туш болушкан.

Тарыхчы В.П.Поповдун эсебинде, СССРдеги репрессия курмандыктарынын жалпы саны 40 миллиондон кем эмес деп белгиленет жана бул жакындатылып айтылган цифра, бирок саясий реформанын масштабын толук чагылдырып турат. Репрессияны өткөргөн СССРдин НКВД кызматкерлеринин бир бөлүгү да жазадан качып кутулган эмес. “Чоң терроргo” байланышы жана катышы барларды репрессиялоо эки этапта жүргүзүлгөн. Репрессиялаганды репрессиялоонун биринчи этабы 1938-жылдын аягында башталып, Улуу Ата мекендик согуш башталган 1941-жылдын июнуна дейре созулган. Жазалоонун бул этабы абдан катуулугу менен айырмаланып, ал мезгилде “соттук үчтүктөрдүн” басымдуу мүчөлөрү атылган. НКВДнын кызматтан бошотулган кызматкерлери катуу суракка алынып, иштери сотко өткөрүлгөн. 1939-жылы эле 1364 НКВД кызматкери камакка алынып, (Батырбаева, 2003) анын 937 си мамлекеттик коопсуздук кызматынын кызматкерлери болушкан. Ал эми өлүм жазасын ишке ашыруучулар СССРде расмий түрдө “комендант” деп аталган. Адатта алар билимсиздерден, сабатсыздардан, “жаман репутациялуулардын” арасынан тандалып алынганы менен, баалуу кадр катары мамиле жасалган. Комендатурадагы кызмат көп учурларда кыска мөөнөттүү болгон. Бирок, миңдеген камактагыларды аткан узак жашоочу желдеттер да алардын арасынан, мисалы, 1924-жылдан 1953-жылга чейин жүздөгөн камактагыларды аткан, 1953-жылы органдан бошотулуп, 1955-жылы генералдык наамынан ажыратылган Василий Блохинди бөлүп айтууга болот.

Репрессиянын арымы жана масштабы СССРдин бардык аймактарында дээрлик бирдей мазмунда жана формада жүргүзүлгөнү маалым. Репрессиялангандардын үй-бүлөсү, урук-туугандарына карата да мамиле татаалдашып, “эл душмандарынын” балдарына, урук-тууганына айланган. Кыргызстанда репрессия мезгилинде айрым маалыматтар боюнча, 40 миң адам камакка алынган. Эң эле аянычтуусу Кыргыз мамлекетин түптөөгө, өнүктүрүүгө өлчөөсүз салым кошуп, ал иштердин башында турган инсандардын дээрлик көпчүлүгү репрессиянын курмандыктарына айланган. Алсак, Төрөкул Айтматов, Касым Тыныстанов,

Жусуп Абдрахманов, Баялы Исакеев, Абдыкадыр Орозбеков, Ишеналы Арабаев жана башкалар.

Репрессия темасы, ал жааттагы анча-мынча, азын-оолак материалдарды эске албаганда өздөштүрүлө элек дың жер боюнча келе жатат. Бул багытта баарына белгилүү «Ата-Бейит» мемориалдык комплексинен башка карманаар эч нере деле жок. Кыргызстан эгемендик алган жылдардан кийин 1938-жылы «улутчул, эл душманы» деген жалаа менен атылган 137 адамдын сөөгү көмүлгөн жер табылган. Сөөктөр кайра жерге берилип, ал жер «Ата-Бейит» деп аталды.

Табылган сөөктөрдүн арасында атактуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун атасы Төрөкул Айтматов да болгон. «Ата-Бейит» деген атты жазуучу сунуштаган экен. «Ата-Бейит» КМШ өлкөлөрүнүн ичинен даректүү жана далилдер менен табылган репрессия курмандыктарынын бирден-бир көрүстөнү.

**Адабияттар**

1. Абдрахманов Б.Дж., Абдырахманов Т.А. Кыргызстандагы саясий репрессиянын курмандыктары (1920-1953 жж.). [Текст]: / Бишкек,- 2020. – 10 том. 23.

2. Абытов Б. ГУЛаг и судьба миллионов людей СССР» [Текст]/Б. Абытов. – Бишкек: Кыргызстан, 2004. – 182 с.

3. Байдилдеев Ж. Кыргызстандагы саясий куугунтуктоолор (1937-1938) [Текст] / Ж.Байдилдеев. –Бишкек, 2014.

4. Батырбаева Ш.Д. Население Кыргызстана в 20-50-е годы 20 века: историко-демографический анализ [Текст] / Ш.Д. Батырбаева. - Бишкек, 2003.